Абдыкеримова А.Э.
К.Тыныстанов ат. ЫМУ
Сатиев А.Т.
Х.Карасаев ат. БГУ

## АКЫН ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВДИН ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРЫ ТУУРАЛУУ

Таланттуу лирик катары да, чебер саясий-публицист акын катары да таанылган Ш.Дүйшеевдин поэзиясы башкаларга окшобогон индивидуал-дуулугу, оригиналдуулугу, көркөм-эстетикалык кунары менен өзгөчөлөнүп турат. Бирок Ш.Дүйшеев өзү айткандай, «адабият айылына» жакындашы бир топ тоскоолдуктарга учурап, «Дүйшеев болгучакты» эчен азаптарды тартып, өзүн-өзү тыбышы оңой-олтоң бол-боптур. Антип Дүйшеев болгучакты кыйла тоскоолдорго кабылган акын бүгүн 60 жаштын ашуусун ашып турса да, таскагы басаңдабай, тескерисинче күчөп, жаңырыгы улам катуу чыгууда. Бекеринен ал өзү:

*Асыл калкым, акын болуш коогалуу,*
*Акын болуш санжыра да, доо дагы.*
*Өткөнүңдү табыш үчүн келген соң*
*Өлүм да жок, жок да андан соо калуу,* - деп сөз жоопкерчилигине өзгөчө маани-мазмун сыйдырып, акындыктын коомдук максат-милдетин ташка тамга баскандай төрт сапка сыйдырып койбосо керек.

Жалпысынан алганда, Ш.Дүй-шеевдин акындык жолу бир топ эле ийгиликтүү болду десек жарашат, анын буга чейинки жазган чыгармаларынын бардыгы окурмандардын сүймөнчүгүнө арзып, адабий сый-урматтан өксү болбой келгени айгинелеп турат. Мурдагыдай чыгармачыл адамдардын колу-жолун тушаган социалисттик реализм цензурасынын жоюлуп, сөз эркиндигине кеңири жол ачылган заманга туш келиши акындагы чыгармачылык потенциалды толугу менен ачып берүүгө өбөлгө түздү. Анын натыйжасында, журналист Н.Капаров мүнөздөгөндөй, «… Саякбайдай манасчы, Осмонкулдай дастанчы, Ысмайылдай жамакчы, Ысактай кошокчу, Жоомарттай өткүр, Мидиндей лирик, Байдылдадай тапан, Сооронбайдай тыкан, Райкандай төкмө, Алыкулдай муңдуу, Сагындай сырдуу, Ашымдай зергер, Салижандай таамай, Жалилдей өжөр, Рамистей тентек, Сүйүнбайдай жөнтөк, Турардай чынчыл, Жолондой эр көкүрөк, Токтогулдай нуска, Пушкиндей сүрөткер…» (Капаров Н. Теңир колдогон талант. //Жаңы Кыргызстан маданияты. -2011. - № 1), көп кырдуу талант, уникалдуу акын болуп чыга келгени талашсыз.

Шайлообек Дүйшеевдин публи-цистикалык, лирикалык, сатиралык чыгармалары боюнча системалуу мүнөздөгү иликтөө жүргүзүлө элек болсо да, аздыр-көптүр кеп козголуп жүргөнү маалым. Биз бул макалабызда акындын көлөмдүү чыгармалары тууралуу азын-оолак сөз кылууну туура көрдүк.

Акын эпикалык формада, салыштырмалуу, аз иштесе да, саз иштеген деп айтууга болот. Анын поэмалары Алыкул Осмоновдун поэмаларындай чакан көлөмгө терең маани-мазмун сыйдырылган чыгармалар болуп саналат. Негизинен, авто-биографиялык поэмалар катары мүнөздөлгөн «Карагайчы кемпир», «Айымай булак», «Жинди Кашка» поэмалары, сатиралык мүнөздөгү «Ким кыргызда бактылуу?», «Падыша жана муз», «Демократиянын ашы» деп аталган көлөмдүү чыгармалары бар. Мындан сырткары, Ш.Дүйшеев акыркы мезгилде жазгыч манасчы катары да белгилүү болуп келатканын билебиз. Анын вариантында «Манастын» «Эки дөөнүн күрөшү» бөлүмчөсү, башкача айтканда, «Көкөтөйдүн ашындагы» Кошой менен Жолойдун күрөшүнүн оригиналдуу варианты жарык көрдү (Шайлообек Эки дөөнүн күрөшү. –Бишкек, 2009).

Акындын автобиографиялык поэмаларына токтололу.

«Карагайчы кемпир» поэмасы акын бала кезинде энеси (чоң энеси) Канымгүл экөө бири-бирине жөлөк-таяк болуп күн кечирип жүргөн мезгилдеги турмушун чагылдырат. Поэма төмөнкүдөй саптар менен башталат:

*Кара жолдун жаны эле оюктагы,*
*Кароолчунун тамы эле конуштагы.*
*Кара кемпир бар эле, кара кемпир,*
*«Карагайчы кемпир» деп коюшчу аны./*
*Карагайчы кемпир ал жесир эле,*
*Кайран чалы капкачан эсил эле.*
*Караан кылып карманган жалгызы да*
*Кара шыйрак каргадай жетим эле.*

Эрбеңдеген небересин тээк кылып, элге келген жакшылыкка жалынып коюп, ал кара кемпир

билинбей өмүр кечире берди. Кыштын күнү мешке койдун көңүнөн жагып коюп, сырттагы чыкылдаган аязды тоото бербей, канат кылган небереси менен куурма чай ичип, кобурашып отурган бир үзүм бакытка толгон бейпил мүнөттөрүн капчыгайдан карагай сүйрөтүп келаткандар бузат:

*Үзөңгүлөр үндөктөп ышкырынып*
*Үйдү көздөй жыңайлак кыш чыңырып.*
*Үнү чыгып алайды дүлөй кылган*
*Үнү чыгып аттардын бышкырынып.*
*Каптал жондон жебедей атылышып*
*«Карагай» деп караңдап ашыгышып,*
*Карагайдай кишилер, карагайдай*
*«Карагайчы кемпир» деп чакырышып…*

Колуна кармаган бир барак кагазы деле жок, эл ичинде «Карагайчы кемпир» аталып, карагайчылар алып келген карагайларды санап өткөрүп алып, кайтарып оокат кечирип жүргөн кемпир тагдырына наалат айтпай, ошол турмушуна тооп кылып жүрдү. Анткени ага дем-күч берген – каргадай небереси. Карагайчылардын кызып алып берген куру убадасына ишеним байлап, эртеңки күнгө үмүт менен карады:

*Байкуш кемпир не кылат, сабаты жок.*
*Баласынан башка анын чарасы жок.*
*Карагайын кайтарып жүрөр эле*
*«Кайтар» деген бир барак кагазы жок…/*
*Карын кагып, муз, карын күбүп эле,*
*Кара жанын түйшүккө үйүп эле.*
*Канча жолу чакырган жерден калды*
*Карагайын карайм деп жүрүп эле.*

Бирок карагайчы жесир кемпир үчүн бул учур:

*Балким ошол… Ким билет? Бактысыдыр,*
*Маңдайына жазылган акыркы бир.*

Кемпирдин барбык мурун жоош небереси үчүн да бул учур:

*Балким ошол… Балалык кайта жангыс,*
*Алтын чыгар кир колго байкап алгыс.*
*Балким, ошол баланын өмүрдөгү*
*Бактысыдыр эч качан кайталангыс.*

Бирок эне-баланын мындай бактысы көпкө созулбады. Кайыңдыдан келген кар менен кошо баланын тагдырына да кар жаады – энесинин ичээр суусу түгөнүп, көз жумду.

*Кара кемпир… ак кемпир… уу-чуу эшик*
*Карарган Ай. Кар. Шамал. Зуу-зуу эшик.*
*Кара кепин. Ак кепин. Карагайлар,*
*Кара мурут. Ак мурут. Шуу-шуу этип./*
*Кара кемпир… Ак кемпир… Ачылган кар*
*Кара кепин… Ак кепин… Казылган жай.*
*Кара мурут… Ак мурут… Карагайлар*
*Кара бейит, ак бейит… Чачылган кар.*

Акындын «Карагайчы кемпир» поэмасынын кульминациялык өзөгү ушул саптарда деп айтууга болот. Байкалып тургандай, жогорудагы эки сабак бүт бойдон контрасттык негизде, *ак–кара* антонимдеринин кайталанып, катар жайгашуусу аркылуу берилген. Бул жерде акын түстөрдүн карама-каршылыгын көрсөткөн контрасттык антонимдердин кайталануусу менен муруттун, кемпирдин же кепиндин өңүн чагылдыргысы келген деген пикир өтө эле үстүрт. Чындыгында, контрасттык мүнөздөгү бул каражаттар алынган контекстте эле эмес, «Карагайчы кемпир» поэмасынын жалпы компо-зициялык түзүлүшүндө метафоралык поэтикалык жана символикалык маанилерге ээ болгон: *өмүр-өлүм, жаштык-карылык, кайгы-бакыт, адал-арам, жалган-чын, бар-жок* ж.б. Каргадай жалгыз небересин караан тутуп, калган өмүрүн ага байлап коюп, элден обочо, бул дүйнөнүн ызы-чуусунан оолагыраак тиричилик өткөрүп келген карагайчы жесир кемпирдин момундугу, кат-сабаты жок караң-гылыгы, өзүнө гана ишенген жалгыздыгы аны «кара кемпир» кылса, арамдыктан, куулук-шумдуктан, эки жүздүүлүктөн бийик турган тазалыгы, болгонуна каниет кылган топук пейили, адамга жамандык кылбаган түз ниети менен ишине жасаган жоопкерчилиги аны «ак кемпирге» айлантат. Ошондуктан небересинин жана элдин эсинде ал өмүр бою *кара кемпир* жана *ак кемпир* катары гана сакталып кала берет. Демек, *ак* жана *кара* инсанга нравалык баа берүү менен байланышкан антитеза катары кызмат өтөгөн. Бирок карагайчы кемпир да, өздөрүн жашоонун кожоюндары катары сезишкен кара мурут, ак муруттар да эртеби-кечпи ажал алдында алсыздыгы поэмада көркөм туюндурулган. Өлүм – жоготуу, жакын адамдан айрылуу,

кайгы-муң, үмүттөрдүн талкаланышы, андыктан ал кара кепинге оронуп келет. Ошол эле учурда өлүм – ак, өлүм – улук, анын мыйзамы баарыга бирдей: туулмак бар – өлмөк бар. Ак-карасы аралашкан бул дүйнөдө кандай жашаса да, адам көзү өткөндө ыйманынан башка эч нерсе алып кете албайт, ошол үчүн өлгөн адам ак кепинделип коюлат. *Ак* өз маанисинде башталыш жана аякталышты синтездейт. Өлүмдүн түсүн көрсөткөн карарган жаңы бейит мезгилдин өтүшү менен ак бейитке айланат, өлүмдүн кайгысын көрпенделик турмуштун үстөмдүгү унуткартат. Башкача айтканда, адам тагдырында актын ордун кара, каранын ордун ак ээлеп, экөөнүн үзгүлтүксүз орун алмашуусу менен жашоо улана берет. Ушуга байланыштуу *ак – кара* контрасты бардык мезгилдерде, дээрлик бардык элдерде универсалдуу оппозиция катары кызмат өтөп келе жатат. *Ак* менен *кара* – жашоонун символдору. Ошондуктан көптөгөн элдердин төрөлүү, үйлөнүү жана өлүккө байланыштуу ырым-жырымдарында *ак* менен *кара* изоморфтуу мүнөзгө ээ. Ошондой эле бул оппозиция философиялык жана нравалык категориялардын абсолюттуу эмес, салыштырмалуу экенин туюнтуу үчүн да кызмат кылат. Өз поэмасында бул оппозицияны контрасттык ыкта колдонуусун Ш.Дүйшеевдин жаңычыл-дыгы деп эсептөөгө болбойт, бирок акын анын көп түрдүү маанилерин ача билиши жана алар аркылуу терең көркөм философиялык мазмунду бере алганы чеберчилигин далилдейт.

Ал эми поэманын финалы төмөнкүдөй:

*Чачылган кар. Чачылган булут уруп,*
*Кар да кетти… карарып, унутулуп.*
*Баео тилек, үмүтү талкаланган*
*Бала кетти үшкүрүп, улутунуп…/*
*Чачылган кар. Карды жел козгоп турар,*
*Кайыңдынын шамалы коштоп турар.*
*Карагайлуу кайкыдан түшкөн издер*
*Карагайчы кемпирди жоктоп турар.*

«Барбык мурун сары баланын», башкача айтканда, автордун караан туткан энесинен ажырагандан кийинки жашоосунун айрым үзүмдөрү «Айымай булак» жана «Жинди Кашка» поэмаларында чагылдырылган.

Романтикалуу мүнөздөгү «Айымай булак» деген аталышка ээ болгон поэмада лирикалык каармандын Асек аттуу агасыныкында жүргөн күндөрүнүн бир көрүнүшү баяндалат.

*Асек дешчү айылда акем менин*
*Адам эле баалаган ат эмгегин.*
*Атка дайым көк жашаң чөптөн салып*
*А эшекке салчу эле шакелдерин.*

Поэманын алгачкы саптарынан байкалгандай, бул чыгарма башынан аягына чейин контрасттык ыкмада курулган жана башкы идеясы да ошол контраст аркылуу аныкталат деп айтууга негиз бар. Поэмадагы башкы карама-каршы өзөк *ат (жылкы)* менен *эшекке* байланыштуу. Логикалык-семантикалык жактан алганда, *ат* менен *эшек* антоним эмес. Ал эми Ш.Дүйшеевдин поэ-масында элдешкис түшүнүктөр катары берилиши чыгарманын жогорудагы алгачкы саптарында эле көрүнөт. Поэманын улам кийинки саптарында бул контраст андан ары тереңдетилип отурат:

*Эшек күткөн айтчу эле эр эмес деп*
*Эшек деген эшек да, кенебес тек.*
*Эшектердин кем болот бир шариги*
*Эшек деген эчкимге тең эмес деп…/*
*Адал малга арамды жолотпо деп,*
*Аттын ээрин эшекке токушчу эмес…/*
*Эшек сүйбөс жандарга ат улук да,*
*Эшек эмне, бир байкуш макулук да…*

«Айымай булакта» ат менен эшектин жогоркудай контрасттык позицияда сүрөттөлүшүн элдин түшүнүгүндө көнүмүш болуп калган «жылкы баласы – адал, эшек – арам» деген көз караш аркылуу гана түшүндүрүү өтө эле чектелген, үстүрт пикир болуп калат. Автор өзү деле поэмасынын идеялык маңызын ушул пикирге алып барып такабаса керек. Бул контраст – адам табиятынын, тагдыр-жашоосунун, көз карашынын, түшүнүгүнүн, жан дүйнөсүнүн кон-трасты, башкача айтканда, оомал-төкмөл дүйнөнүн өзү.

Поэманын жалпы мазмунуна карата алганда, *ат – эшек* аркылуу туюндурулган контраст бир катар маанилерге ээ болгон. Алсак, *ат* адам пендесинин келкели келип, мейли, коомдогу социалдык статусу жагынан болсун, мейли, жеке турмушунда же жан дүйнөсүндө өзүнө өзү канааттанып, тагдырына ыраазы болгон абалы жагынан болсун, жылдызы жанып турган учурун сүрөттөө үчүн кызмат кылган:

*Атсыз калган күндөрү кырсык тийип,*
*Ат мингенде абаны кынсыз тилип.*

*Атырылтып чыкчу эле дүкөн жактан*

*Атайылап калпагын кыйшык кийип./*

*Дүбүрт тепсеп көчөсүн тыштын ысык,*

*Дүпүрөшүп боз балдар ышкырышып.*

*«Асек кетип баратат, Асек» дешчү*

*Ак жоолукчан келиндер шыпшынышып.*

Бирок мындай келкел өмүр бою, түбөлүккө созулбай, Акжал күлүк сыяктуу бир күнү колдон суурулуп кетери да көркөм чагылдырылган. Ал эми *эшек* күндө кайталанып, билинбей өтө берген күнүмдүк тиричиликти, баркы-баасы байкалбаган көр турмушту, адам төрөлгөн мүнөттөн баштап көргө буту киргенге чейин коштоп келген пенделик күн кечирүүнү туюндурат. Экинчи жагынан, *эшек* – көнүмүш үй-бүлөлүк турмуш, аял-эркектин ортосундагы үй-бүлөлүк жоопкерчилик менен милдетке, элдин адат-салты менен калыптанып калган түшүнүктөргө баш ийип, ысыгы тарап, бир түрдүү мүнөздө болуп калган, баркы-баасы байкалбаган мамилеси. Ал эми *ат* – ошол көндүм мамиленин тажатма көндүм экенин туйдуруп, бир жарк этип катуу тутанган, бирок өмүр бою ошол калыпта сакталып, тагдырда жанып тура албаса да, баасы бийик, баркы күчтүү кумар, арзуу. Бекеринен акын поэмасында Айымай сулуу менен Акжалды параллель койбосо керек.

Үчүнчү жагынан, *ат–эшек* контрасты нравалык категориялардын салыштырмалуулугун, адам баласынын өзгөрүлмө натурасын, ал үчүн баалуулук категориясы да абсолюттуу эместигин туюнтуу үчүн кызмат өтөгөн. Маселен, «кара ташты камырдай майкандаган» кезинде эшекти мал ордуна көрбөй кодулаган Асек үчүн «каруу-күчтөн ажырап, капастагы тайтаңдаган чал» болгон кезегинде эшек колу жеткис, кымбат буюмга, бийик максатына айланды:

*Канат ага канчалык керек эле,*

*Канат бүтсө кайрылып келет эле.*

*Эшик жакка алпарып өлөрүндө*

-*Эшек барбы сатылчу? – деген эле./*

*Аттын кайра келбесин сезбей жүрүп,*

*Алгыр кезип бир келген кечтей күбүп.*

*Акырында өмүрдөн кете берди*

*Акжал эмес, эшекке жетпей жүрүп…*

Акындын «Жинди Кашка» поэмасында да буга чейинки токтолуп кеткен «Айымай булак» поэмасындагы тема – ат темасы – улантылган, бирок башкача ракурстан чечилген. Лири-калык каарман өспүрүм кезинде туш болгон бир жагдай – айылдагы элдин баарын, өзгөчө, жаш балдарды суктанткан Жинди Кашка, анын башка аттарга карама-каршы коюлушу, Жинди Кашка менен байланыштуу окуялар сүрөттөлөт:

*Султан өмүр шам болуп кулагында*

*Суктанган жок ким гана убагында…/*

*Байлык менен бийликти бириктирген*

*Башкарманын аты эле минип жүргөн…/*

*Арабанын кашаң, жоош, кыгы менен*

*Аттарынан танганда сыры белен.*

*Сүлүк курттай сойлогон Жинди Кашка*

*Балким, бизге жаккандыр сыны менен.*

Балык кармап жүрүп, капыстан үстүнөн чыккан бир окуя баланын жан дүйнөсүнө бүлүк салат, жашоо диалектикасына, пендечилик жашоонун дагы бир сырдуу тарабына туш кылат. Балалык туюмунда лирикалык каарман өзү күбө болгон окуяны кабыл алгысы келбейт:

*Жаман менен жакшынын түсү кандай*

*Жаным быт-чыт… үзүлүп-үзүлалбай.*

*Жеңеме окшош жанагы келинди мен*

*Жерип турдум ошондо түшүнө албай.*

*Ошол эле учурда кандайдыр бир кызыгуу ойготот:*

*…Бүктөм жолдо ээрчишип келаттык биз*

*Бүгүн көрүп дүйнөнүн толбос жерин…*

Поэманын кийинки бөлүгүндө башкарманын кесилип кетиши, Жинди Кашканын лирикалык каармандын агасынын колуна тийиши, ал акеси өзүнүн ийгиликсиз жашоосунун өчүн аттан алууга жасаган аракети жана акырында трагедиялуу финал сүрөт-төлөт. Бул поэмада дагы адамдын тагдыры аттын тагдыры менен байланышта ачылып берилиши, бир жагынан, Ш.Дүйшеевдин акындык чеберчилигин далилдесе, бир жагынан, адабиятта эчакта орун алып келаткан шарттуулук көрүнүшү болуп саналат.

Акындын «Ким кыргызда бактылуу?», «Падыша жана муз» поэмаларында болсо бүгүнкү коомдун жүзү, бийлик башындагылардын айрым ыплас иш-аракеттери көркөм шарттуулук ыкмасынын, сатира жана юмордун жардамы менен сүрөттөлгөн. Маселен, орус акыны Н.Некрасовдун «Кому на Руси жить хорошо?» аттуу поэмасын тууроо формасында жазылган «Ким кыргызда бактылуу?» деген поэмасынын сюжеттик өзөгүн аркы-берки дубандан чогулган алты кыргыздын «Кишилердин ичинен ким бактылуу?» деген соболго жооп издөөсү түзөт. Бактылуу адамды издеп чыккан бечаралар өз суроосуна жооп ала алышпайт, себеби кимге барса да анын бактысыз экенин угушат. Чыгарманын негизги идеясы – эгер адам бактыны оокат, мансап, байлык-бийлик менен өлчөсө, ал эч качан бактылуу боло албайт, анткени көз эч убакта тойбойт, көздү, адамдын ынсабын көр гана тойгуза алат, демек, кыргыз ичинен чындап толук бакытка ээ болгон адамды табуу мүмкүн эмес деген ой:

*Кыргыз деги силерден*

*Ким бактылуу болду эле?* - деген саптар аркылуу берилген.

Ал эми «Падыша жана муз» аттуу поэмасында күндөн күнгө эрип, азая берген муз символикалык мүнөзгө ээ. Ал толуп, жыйылбай эле, жыл өткөн сайын бөксөрүп бараткан казынаны, тактап айтканда, Кыргызстан өлкөсүнүн казынасын, мамлекеттин бюджетин туюндуруп, поэманын сюжеттик курулушун ошол музду канткенде эритпей, азайтпай сактап калууга болот деген суроого жооп берүүнүн тегерегиндеги аракеттер түзгөн.

Макаланын башында айтылып кеткендей, Ш.Дүйшеев айтуучу катары да белгилүү болуп, «Манас» эпосунун бир үзүндүсүн өз варианты катары окурмандарга тартуулады. Ошондой эле Б.Сарногоевге, Ч.Айтматовго, Д.Садыр-баевге арнап жазма түрдөгү кошокторду жаратканы да белгилүү. Бирок акындын бул жааттагы чыгармачылыгы өз алдынча, фольклористикалык нукта, башка айтуучулардын варианттары, элдик кошоктор менен салыштырмалуу сөз кылууга арзыйт. Ошондуктан бул чакан макалада биз аталган маселеге токтолгон жокпуз.

**Адабияттар:**

1. Дүйшеев Ш. «Көзүмө көрүнгөндүн баарын эмес, жүрөгүмө урунгандын баарын жаздым». //Жаңы Кыргызстан маданияты. - 2011. - № 1.

2. Иманалиев К. Лирикадан эпикага чейин. //Жаңы Кыргызстан маданияты. -2011. - № 1.

3. Капаров Н. Теңир колдогон талант. //Жаңы Кыргызстан маданияты. -2011. - № 1.

4.Садыков А. Жоомарт, Чыңгыз жана Шайлообек. – Бишкек, 2009.

5. Шамшиев Б. Өзүн-өзү тапкан Шайлообек Дүйшеев. //Жаңы Кыргызстан маданияты. -2011. - № 1.

6. Шайлообек Арабадагы ыр – 2. - Бишкек: Педагогика, 2001.

7. Шайлообек Эки дөөнүн күрөшү. – Бишкек: Бийиктик, 2009.

8. Ш.Дүйшеев Шам ал. – Бишкек: Бийиктик, 2010